Жумагул Байдилдеев

# НУРКУЛ КУЛНАЗАРОВ
# ТАРЫХ ЖАНА ИНСАН

Бишкек 2006

**Жумагул Байдилдеев**

# НУРКУЛ КУЛНАЗАРОВ. ТАРЫХ ЖАНА ИНСАН

**Бишкек 2006**

*Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Т. А. Абдырахманов.*

***Кыргыз элинин өзүнчө мамлекет болушу жана экономикалык жактан өнүгүшүнө салым кошкон көрүнүктүү инсандардын бири, 1938-жылдагы каардуу репрессиянын курмандыгы Н. Кулназаровдун ишмердиги жөнүндөгү алгачкы даректүү тарыхый илимий чыгарма окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.***

*И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин илимий кеңеши тарабынан жактырылган.*

## Сөз башы

Эрешен эр жеткени акыл нускап, калк үчүн каруунү казык кылып, дене күчүн, акыл оюн, жан дүйнөсүн Ата Журттун жаркын болочогу үчүн жумшаган атуул болуу ар кимдин эле мандайына жазылган эмес. Тарых мындай күчтүү инсандардын ичинен өзгөчө катарга элинин улуттук эркиндиги менен мамлекеттүүлүгү үчүн күрөштө өзүн өлбөс кылып кеткендерди бөлүп чыгарат. Алардын катарына XX-кылымдын башындагы элибиздин эркиндиги, мамлекеттүүлүгү үчүн жан аябай күрөшүп кызмат кылып, бирок көздөгөн ойлорунун өтөөсүнө чыкпай каардуу репрессиянын курмандыктары болуп кеткен кыргыз элинин белгилүү уулдарын кошсок калыстык болоор. Баса белгилеп кете турган нерсе, бул эл уулдарынын терен түпкүрүндө эркиндик, мурас маселесинин жаткандыгы. Өткөн кылымдын жыйырманчы-отузунчу жылдарындагы кыргыздын эң мыкты уулдары эркиндик идеясы үчүн өз өмүрлөрүн арнаган жана аны кийинки муундар үчүн ыйык мурас катарын-

да калтырган. Өзгөчө катаал тагдырга туш болгон улуу муундарыбыз Жусуп Абдырахманов, Абдыкерим Сыдыков, Касым Тыныстанов, Абдыкадыр Орозбеков, Төрөкул Айтматов, Ишенаалы Арабаев, Жайнак Саадаев, Нуркул Кулназаров сыяктуу ондогон инсандарыбыз элибиздин келечеги, рухий өнүгүүсүнө салым кошкон.

Эгемендүүлүгүбүз энчибизге тийип коомубуз демократиялык нукта өнүгө баштагандан тартып, тарыхыбыз, маданиятыбыз, адабиятыбыз кайра каралып келүүдө. Мунун натыйжасында мурдагы Союздун диктатынан кутулгандан кийин тарыхий, маданий дөөлөттөрүбүз сыдыргыдан өткөрүлүп, жазыксыз репрессиялангандар, негизсиз күнөөлөнүп келгендер өз бааларын алышты. Кыскасы Республикабыз көз карандысыздыкка жетишкенинин жемиши ким кыргыз үчүн сезерлик иш кылса, эмгеги кайтарымсыз калган жок. Атүгүл тарых тарабынан толук тастыкталынбаган, азыркы убактарга чейин аттарын эч ким билбеген, акчалуулардын демилгелери менен эле чыга калган баатырлар да пайда болду. Же тарыхий, маданий ишмерлердин көздөрү өткөндөрү да, тирүүлөрү да өз бааларын

ашыгы менен алышты. Бирок, ошондой инсандардын арасынан өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарындагы Кыргызстандагы Кошчу союзунун жетекчиси, 1937-жылдагы каардуу репрессиянын күнөөсүз курмандыгы Нуркул Кулназаровдун ысымы күңгүрттөнүп, тоталитардык режим кезиндеги жарым кылым ашык жашырылып келгени аз келгенсип, эгемендүүлүк эпкини тийгенден 15 жыл убакыт болсо да анын эл үчүн кылган эмгеги изилденип калк катмарына жетпей келет.

Андыктан биз бүгүн Акталаа районунун түзүлгөндүгүнүн жетимиш жылдык маарекесине карата куттуу жердин кулуну Нуркул Кулназаровдун адамдык асыл бейнесине кайрылып, анын кыргыз эли үчүн жасаган адал эмгегин архивдик материалдардын шарттоосу менен ачып берүүгө далаалаттаналык.

## 2. Өмүр башаты-алгачкы кадам.

Тарыхтын татаал жолдорун басып өткөн ар бир тарыхий инсандын өмүр жолу биздин муунга да, бизден кийинки муунга да нуска. Анткени Кеңеш өкмөтү бийлике келип, жаңы түзүлүш каз-каз тура баштаганда жаркын келечек үчүн

жан аябай күрөшкөндөрдүн көбү эзилген таптын өкүлдөрү эле. Мына ушундай улуу өкүлдөрүсүз, кашкөй каармандарсыз, улуу тарыхтын барактары, анын илимий дүйнөсү турмуштун акылман окутуучусу боло албасы бышык. Нуркул Кулназаровдун өмүр өтөмүндө да өз тагдырлаштарындай эле ары катаал, ары татаал сыноолорго тушугуп ошол доордун бороондуу мунарыгын төнүп өтүп, ак болоттой курчуп, элинин эртеңки келечегине эгедер болуп иштеп келген түйшүктүү жолдун учугу жатат. Анда эмесе тактык үчүн Кыргыз Республикасынын саясий документациясынын Борбордук мамлекеттик архивинде (1) 70 жыл бою саргара сакталган өзүнүн өмүр баянынын (автобиография) шарттоосу менен Кулназаровдун өмүр жолуна кайрылсак. Анткени көп жылдар бою бул инсандын элге кылган эмгеги, өмүр жолу көмүскөдө калганы аз келгенсип, кийинки китептерге кирген өмүр баяндары бурмаланып туура эмес берилип келген. Алардын бири 1998-жылы чыккан Нарын облусунун энциклопедиясындагы Кулназаровдун өмүр баянын окуган адам тактыктан тайган көрүнүшкө күбөө болот. Андыктан архив казынасында сакталган кагаз бетиндеги

карт тарых гана өткөн жолду айныксыз далилдер менен айтып бере алат.

Нуркул Кулназаров Нарын уездинин Акталаа аймагынын Кичи Кадыраалы өрөөнүндө 1898-жылы туулган. Атасы кедей дыйкандын өкүлү болгондуктан жаш чагынан эле атасынын чарбачылыгына жардам берип жетилет. Ал 16 жашка чыкканча, башкача айтканда 1914-жылга чейин айылдык мектептен 4-5 жыл окуп сабатсыздыгын жойгон. Бирок, жетишпеген турмуштун айынан андан ары окуусун уланта албай өз алдынча байларга малай жүрө дыйканчылык менен алектенип, үй-бүлөөсүнө тирек болот. 1917-жылы Түлкүбаев Көбөгөн деген байдын малын кайтарып малайлыкта жүрөт. Ошентип ал бала күнүнөн эрте жетилип Акталаанын чаптарынын арасында акыл жете бой тартканы тубаса зиректүүлүгүнөн улам чоң турмушка эрте аралашат. Анын мындай байларга жалданып иштеген азаптуу күндөрү канчага созулат эле ким билесиң качан гана октябрь ыңкылабынын таңы атканда, жаңы заман агымын туя билген Нуркул Кулназаров 1919-жылдан баштап Кеңеш өкмөтүнүн ишине аралашат. Сабаттуулугунан улам жергиликтүү элдин арасында

баркы көтөрүлүп, алардын колдоосу менен ошол эле жылдын октябрь айында Кадыралы айылындагы жергиликтүү мектепке мугалимдикке дайындалат. 1919-жылдын декабрь айында партиянын Нарындагы уюму тарабынан РКП (б)нын мүчөлүгүнө өткөн. Ал убактарда Нарында партиялык уюмдун иштери жаңыдан түптөлүп жаткан мезгил эле. Атүгүл Нарын уездинин айыл-кыштактарында партиялык уюмдун иштери өкүм сүрө элек болучу. Андыктан Нарын уезди боюнча партиянын мүчөлүгүнө алгачкылардан болуп өткөн Нуркул Кулназаров бул тууралуу 1926-жылдын 26-октябрында ВКП Кыргыз обкомунун эсеп бөлүмүнө берген өмүр баянында төмөндөгүдөй эскерет:

-«Менин партияга мүчөлүккө өтүшүмдүн себеби, Кеңеш өкмөтүнүн платформасы бечара эл менен жумушчу калк катмарына жарык жолун көргөзүп эмгекчи элдин укугун коргоп келечекке алып бараарын туюп, өз ыктыярым менен партияга өттүм. Мени эч ким күч менен зордоп партияга өтүүгө мажбурлаган жок»,-деп жазат.

Жаңы бийликтин таасиринен улам 1920-жылы май айында Ташкент шаа-

рындагы үч айлык мугалимдерди даярдоочу курстан окуп келет. Андан келген соң Нарын уездик элге билим берүү бөлүмүндө инструктор болуп ишмердүүлүгүн улантат. 1923-жылдын июнь айынан сентябрь айына чейин Нарын угоркомунун агитация бөлүмүнүн башчысы. Ал эми 1923-жылдын сентябрынан 1924-жылдын март айына чейин Нарын волостунун Волостук аткаруу Комитетинин төрагасы, андан соң кайрадан партиянын Нарын угоркомунун агитация бөлүмүнүн башчысы болуп төрт ай иштейт. Ошол эле жылдын июнь айынан ноябрь айынын этегине чейин Нарын угоркомунун Кошчу Союзунун төрагасы кызматында иштейт. Бир эле убакта партиянын Нарын угоркомунун ар түрдүү тапшырма милдеттерин да жогорку денгээлде аткарып жүрдү. Нуркул Кулназаров 1921-жылдан баштап эле Кошчу Союзунун мүчөлүгүнө өткөн. Андыктан тажрыйбалуу адамды жаш болсо да 1925-жылы борборго облустук Кошчу союзунун төрагасынын орун басарлыгына зор ишеним менен чакырышкан.

Нуркул Кулназаровдун саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүгү дал ушул кошчу союзунда иштеп жана аны 1926-1928-

жылдары жетектеп турган мезгилдерде бөтөнчө орунду ээлейт. Ал кишинин 1925-1928-жылдардагы эмгеги жемиштүүлүккө жана ак ниеттүү натыйжалуу иштер менен окуяларга, эл үчүн камкордукка жык толгон. Анын инсандык ар тараптуулугу, билимдүүлүгү чынчылдыгы, эл менен аралаша билүү жөнөкөйлүүлүгү адамдарды өзүнө тартып, жалпы иштин илгерилешине demөөр болгон. Ошол мезгилдердеги оор шарттарга карабай, ал эл чарбасынын ар түрдүү тармактарын уюштурууга, өнүктүрүүгө, жаңыдан телчигип келаткан союздук автономиялуу кыргыз мамлекетинин социалдык-маданий толгон токой маселелерди кечиктирбей чечүүгө жигердүүлүк менен киришип, элдин турмуш-абалын жакшыртууга көп күч жумшаган. Мунун бардыгын биз ошол кездеги иш-кагаздары сакталган архивдик мурастардан билсек болот.

### 3. Тарых жана инсан.

Адегенде, Нуркул Кулназаров жашап, ишмердүүлүгүн баштаган мезгилдерге кайрылып, өткөн тарыхка кылчайып көз жүгүртүп алалык. Октябрь ыңкылабынан кийин 1918-жылы Советтердин бүткүл

Россиялык III-сьездинде «Эмгекчи жана эзилген элдердин укуктарынын декларациясы» кабыл алынып, анда социалисттик көп улуттуу мамлекеттин негизи катары федерациялык түзүлүштүн планы жарыяланган. Бул чечимдин негизинде Орто- Азия элдери 1918-жылы Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Респубикасына биригишкен. Ушул жылы майда Түркстан автономия укугунда Россиянын курамына кирген. Бирок дагы Түркстан АССРинин курамында турган кыргыздар бул республиканын Жетисуу, Сырдарыя, Фергана жана Самарканд областарынын курамында болуп, дагы эле бытыранды бойдон кала берген. Бул облустарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары этибарга алынбай калган.

Ушуга байланыштуу 1921-жылы Алматыда болгон кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок, анда бул маселе чечилбей Казак АССРине Жетисуу жана Сырдарыя облустары берилмек болот. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон. Анткени кыргыздар

мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе, эми эки автономиялуу республикага бөлүнүп калмак. Буга макул болбогон кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү Ж.Абдрахманов, Э.Арабаев, А.Сыдыков 1922-жылы мартта кыргыз уезддерин бөлүп, өз алдынча Тоолуу Кыргыз областын түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. 1922-жылы 25-мартта Түркстан компартиясынын Борбордук Комитетинин секретариаты Түркстан Республикасынын курамындагы Тоолуу кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим чыгарган. Ал эми эртеси эле күнү 26-мартта ТүрБАКтын кичи Президиуму курамында Пишпек, Каракол, Нарын уезддери жана Олуяата уездинин тоолуу бөлүгү кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Бирок Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн аракеттердин башында эле уруулук, улуттук мүнөздөгү эки топтун ортосунда талаш-тартыш башталган. Абдыкерим Сыдыков башында турган топ Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн жигердүү күрөшкөн.

Партиянын Жетисуу обкому 1922-жылы 4-июнда Пишпекте уюштуруу ку-

рултайын чакырып, ага 425 делегат катышкан. Бирок курултай өз ишин баштай электе эле Түркстандык жана Жетисуулук бийликтердин макулдугу, Сталиндин түздөн-түз көрсөтмөсү менен таркатылган. 1922-жылы декабрда РКП (б) Борбордук Комитети Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, курултайды чакыруунун демилгечилерин буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү жөнүндөгү алгачкы аракети оңунан чыкпай калган.

Качан гана Ортоазиядагы контрреволюция-чыл күчтөр, өзгөчө басмачылардын кыймылы басаңдагандан кийин гана бул чөлкөмдө жашаган элдерде улуттук мамлекеттерге бөлүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Буга чейин Түркстан автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасында өзбек, түркмөн, кыргыз бөлүмдөрү иштешип, улуттук мамлекеттүүлүктөрдү түзүү үчүн анда жашаган элдердин этнографиялык курамын, экономикалык жана географиялык чектерин такташкан. Түркстандын улут иштери боюнча областтык, уезддик бөлүмдөрүндө бул аймакта

жашаган элдердин өкүлдөрү иштешкен. 1924-жылы 31-январда Советтердин II-курултайы СССРдин биринчи конституциясын бекиткен. Федерациялык негизде бирдиктүү союздук мамлекеттин түзүлүшү улуттук мамлекеттик бирикмелердин пайда болушун тездеткен.

Түркстан АССРинин Советтеринин 1924-жылдын башында өткөн II-курултайына барган кыргыз делегаттары Совет өкмөтүнөн Кыргызстанды өзүнчө автономиялык бирдик катары түзүүнү сурашкан. Бирок, кыргыздардын улуттук автономиясы Түркстан АССРине, Бухара жана Хорезм республикаларына кирип турган өзбек, түркмөн, тажик элдерине автономия бергенде гана чечилмек. РСФСРдин бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитети 1924-жылдын 14-октябрында Бухара, Хива республикаларынын, Түркстан АССРинин элдеринин эркине ылайык Ортоазия элдеринин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө токтом кабыл алган. Ошентип, революцияга чейин эле бытырап бөлүнгөн кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн, казак жана каракалпак жерлери кайрадан бириктирилген. Натыйжада Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи, Тажик автономиялуу областы, РСФСРдин

курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы, Казак АССРинин курамында Каракалпак автономиялуу областы түзүлгөн. Мамлекеттүүлүктөргө бөлүнүү менен Ортоазия элдеринин өз тагдырын өзү чечүү укугу кандайдыр бир деңгээлде чечилген.

Ошентип, кылымдар бою чачыранды болуп бөлүнүп келген кыргыз эли автономия формасында болсо да, бирдиктүү улуттук мамлекетке бириктирилген. 1925-жылдын 15-январында областтык ревкомдун кеңешмесинде Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү салтанаттуу түрдө жарыяланган. Декларация жарыяланган 16-январь майрам күнү катары белгиленген. Демек, кыргыз элинин көптөн күткөн тилеги ушул жылга дал келип, мамлекеттүүлүк идеясынын пайдубалы мыйзамдуу түптөлгөн мезгил десек жаңылышпайбыз. Андыктан, кыргыз элинин биримдиги, бүтүндүгү, мамлекеттүүлүгү үчүн күрөшкөн эр азаматтарыбыздын ысымын архивдик материалдарда дал ушул жылдан баштап көбүрөөк, айкын кезиктирүүгө болот.

Нуркул Кулназаровдун ысымы да ар-

хивдик материалдарда 1925-жылдан баштап айкыныраак кезигет. Ошол өткөн кылымдын 25-жылы чындыгында Союздун курамындагы кара-кыргыз автономиялуу облусунун уюштуруу курултайында Кыргыз мамлекттүүлүгүн укуктук жактан тууралоодо чоң маанини ойногон. Бул курултайдын тарыхий баалуулугу негизги багыт боюнча 4 резолюция кабыл алынган: автономиялык областтын укуктук статусун бекиткен, улуттар аралык стабилдүүлүктү чыңдаган, жаңы экономикалык саясатка берилгендигин сактаган, улуттук-мамлекеттик курулуштун перспективасын кеңейткен курултай кара-кыргыз деген аталыштан «кара» деген сөздү колониалдык жылдары киргизилген кемсинтүүчү кошумча ат катары карап, алып салган. Мамлекеттин келечеги чечилген ушул тарыхий курултайда Нуркул Кулназаров облаткомдун мүчөлүгүнө кандидаттыкка шайланган. (2). Ушул эле курултайда Москвага советтердин сьездине Улуттар Кеңешине делегаттыкка 11 адам көрсөтүлүп, чечүүчү добушка 8 делегат Садаев, Каменский, Тойчинов, Орозбеков, Булатов, Бельский, Ашуров, Байсериков, 3 делегат кеңеш берүүчү Невлер, Алиев жана Нуркул Кулназаровдор шай-

ланышкан. Демек, архивдик материалдарда көрсөтүлгөндөй Нуркул Кулназаров 26 жаш курагында эле мамлекеттик ишке эрте аралашып, кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү менен үзөңгүлөш иштеп, болочок кыргыз мамлекетинин оор жүгүн көтөрө эл тагдырына эгедер кызмат кылгандыгы байкалат. Анын мындай бараандуу эмгегин төмөндөгү архивдик материалдардан даана билсек болот.

1925-жылдын 10-11-июнундагы Кыргыз автономиялуу облусунун Аткаруу комитетинин 2-сессиясынын кезектеги отурумунда кыргыз тили жөнүндө маселе каралгандыгын көрөбүз. (3). Аткаруу комитетинин бул отурумунда кыргыз тилин түрк тилинен бөлүп, улуттук мамлекеттик тил катары кабыл алуу маселе көтөрүлгөн. Буга Украина жана башка мамлекеттердин өз эне тилин расмий мамлекеттик тил кылып алгандыгы мисал кылып көрсөтүлгөн. Ошондой эле округдук, волостук Аткаруу комитеттеринде жана айылдык кеңештериндеги иш кагаздарды кыргыз тилинде жүргүзүү тууралуу баардык иш чараларды көрүү кабыл алынган. Бул отурумга Абдыкадыр Орозбеков төрагалык кылган жана Жайнак Садаев,

Осмонкул Алиев, Төрөкул Айтматов, Таш Кудайбергенов ж.б. кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү менен бирге Нуркул Кулназаров дагы облАткомдун мүчөсү катары президиумда олтурган. Ошол эле сессиянын 11-июндагы эртең мененки отурумунда областын экинчи жарым жылдагы айыл-чарба салыгынын өндүрүлүшү боюнча облфинбашкармасынын башчысы Сокуренко доклад жасаган. Анын жасаган доклады боюнча жарыш сөзгө Нуркул Кулназаров баштаган 5 адам өз салмактуу пикирлерин билдиришкен. (4). Албетте бул убактарда Нуркул Кулназаров али да болсо Нарындан көчүп келе элек экендигине күбө болобуз. Антени 1925- жылдын 6-июнундагы № 62 күбөлүгү аныктагандай Кулназаров Кошчу союзунун биринчи облустук курултайына делегат болуп дайындалган (5). Аталган курултайда ал Кошчу Союзунун Кыргыз автономиялуу облусунун Борбордук комитетинин мүчөсү болуп шайланат. Ошол жылдардагы Кошчу союзунун документалдык материалдарында Нуркул Кулназаровго 1925-жылдын 28-июнунда Нарын шаарынан Пишпек шаарына үй-бүлөөсүн көчүрүп келүү боюнча атайын иш сапарга буйрук чыгарылган (6). Мына

ошол убакыттан баштап 1926-жылдын 28-октябрына чейин Нуркул Кулназаров республикалык кошчу союзунда Ж.Садаев, Худайкулов, Т.Айтматов, Темирбековдор менен чогуу иштеп, ара-чородо төраганын милдетин аткаруучу да боло калып жүрөт.

Ал эми 1926-жылдын 28-октябрында ВКП Кыргызобкомунун бюросунун заседаниесинин № 58 протоколу менен Кыргыз областынын Кошчу союзунун комитетин түзүү боюнча уюштуруу бюросу түзүлүп, анын курамы 5 адамдан турат. Алар Садаев, Мешков, Кулназаров, Крашенинникова, Аманбаевалар болушуп төрагалыкка Кулназаров, орун басарлыгына Мешков дайындалган (7). Ушундай өткөөл оор мезгилде кошчу союзунун комитетинин башатында турууну тагдыр чыгаан инсан Нуркул Кулназаровдун өзүнө буйруган көрүнбөйбү! Ошол мезгил чындыгында улуттук кайра жаралуунун учуру болгондуктан, бүтүндөй билимсиз эл жаш баладан тартып чоң кишиге чейин сабатсыздыгын жоюп, эл билимге, бирдиктүү чарбага умтулуп, жаңы заманга шыктанып жаткан мезгил эле. Башкача айтканда, калк кылымдардан бери келе жаткан караңгылыктан жарыкка, жаңы

дүйнөгө умтулган убак болчу. Мына ушундай улуттук аң-сезимдин жаңыруу доорунда жыйырма сегиз жаштагы Нуркул Кулназаров «Кошчу Союзунун комитетинин төрагасы» деген өзгөчө маанилүү жана коомдук ишти аткаруу менен бирге өз мезгилинин көрүнүктүү мамлекеттик коомдук ишмери болуп дагы таанылган. Чындыгында Кошчу союзу ошол мезгилдерде кыргыз жумушчулары менен дыйкандарынын башын бириктирген эң чоң уюм болгондугу талашсыз. Андыктан мамлекеттеги мындай чоң уюмду тажрыйбалуу дасыккан адам гана жетектей алмак.

Нуркул Кулназаров Кошчу союзунун башында туруу менен мамлекеттеги бир топ орчундуу иш чараларга тикеден-тике катышкан. Алардын бири 1927-жылдын 7-12-мартындагы Фрунзе шаарында өткөн Кыргыз АССРинин Кеңештеринин биринчи уюштуруу курултайы. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1926-жылдын 1-февралында Кыргыз областынын территориясынын кендигин, чет мамлекеттер менен чектешкенин, экономикасынын, маданиятынын жана тилинин маанисин эске алып Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз Автономиялык

Советтик Социалисттик Республикага айлантуу жөнүндө чечим кабыл алган. Кыргыз АССРинин түзүлүшү республикада жана анын чет жакаларында өзгөчө бааланган. Ошентип, Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабын баштаган. Бул окуя 1927-жылдын 7-12-мартында өткөн Кыргыз АССРинин Кеңештеринин I-курултайында мыйзамдаштырылган.

Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхынын жаңы барактары ачылган бул курултайдын 7-мартындагы биринчи отурумун Абдыкадыр Орозбеков кыргыз тилинде жана Жусуп Абдырахманов орус тилинде кириш сөз менен ачышкан. Курултайдын делегаттарынын алдында Борбордон келген партиялык жана советтик кызматкерлер, кыргыз интелегенциясын алдыңкы
өкүлдөрү болгон коомдук жана мамлекеттик ишмерлер куттуктоо телеграммалары келген. Алардын арасында мамлекеттик жогорку кызматкерлердин ичинен Кошчу союзунун атынан куттуктоо сөзүн сүйлөө Нуркул Кулназаровтун шыбагасына буюрат (8). Дагы бир баса белгилеп кетүүчү жагдай бул биринчи курултайдын 11-марттагы 6-отурумунда Акталаалык

алгачкы агартуучу Барашов Маданбек Нарын канткомунун атынан куттуктоо сөзүн сүйлөгөн (9).

Ошентип, бул тарыхый курултай Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүн ырасмий түрдө жарыялаган. Ал жөнүндө кабыл алынган декларация кыргыз элинин өз тагдырын өзүү чечүү укугу аныкталып, Кыргызстанда жашаган элдердин өз ара ынтымак жаштыгынын негизги принциптери жарыяланган. Мындан тышкары декларацияда Кыргызстандын өкмөтүнүн айыл чарбасын, өнөр жайын, калктын саясий жана маданий деңгээлин көтөрүү боюнча практикалык ишмердиги аныкталган. Кеңештердин биринчи курултайы республиканын түштүгүндөгү жер-суу реформасын жүргүзүүнү бийлик органдарынын кезектеги милдети деп жарыялаган. Ошондой эле курултайда жалпыга бирдей окуу милдетин киргизип, араб алфавитинен латынчага өтүү жөнүндө маанилүү чечим кабыл алынган. Курултайда кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети шайланып, ал жогорку мыйзам чыгаруучу жана текшерүүчү орган болуп калган.

1927-жылдын 12-мартындагы курултайдын жүрүшүндө Кыргыз АССР БАК-

тын Президиумуна 17 адам шайланган БАКтын Президиумунун төрагалыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланат. сессияда Кыргызстандын өкмөтү -Эл Комиссарлар Советин түзүп, анын төрагасы болуп Жусуп Абдырахманов дайындалган. Ал эми Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетине мүчөлөрдүн саны 123 адамдан туруп, ушул курултайда БАКтын мүчөлүгүнө Нуркул Кулназаров дагы шайланган (10). Ошентип, Советтердин биринчи курултайы кыргыз элинин тарыхына маанилүү саясий жана мамлекеттик окуя катары кирген. Ал Кыргыз Автономиялуу Республикасын жарыялаган. Кыргыз элинин Совет бийлигинин он жылында жасаган иштеринин жыйынтыктап, келечектеги максаттарын аныктаган. Кыргыз АССРинин мамлекеттик бийлигинин Жогорку органы, кыргыз элинин эгемендүүлүгүнүн алып жүрүүчү-Советтердин бүткүл кыргыздык сүезди эсептелген. Ал Борбордук Комитетин шайлап анын отчетун уккан. Республиканын өкмөтү да бул курултайга отчет берген. Мындан тышкары СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Улуттар Советине өкүлдөрдү, Советинин Бүткүл Россиялык курултайына делегаттарды шайлаган. Ачык маа-

лым болгондой кеңештердин бул биринчи курултайында Нуркул Кулназаровдун жылдызы жангандыгы көрүнүп турат.

1927-жылдын 6-июлунда Кыргыз АССР БАКнын президиумунун 40 отурушунда Кыргыз АССРинин түштүк кантондорунда жер суу реформасын жүргүзүү тууралу комиссия түзүлгөн.

Комиссиянын курамына А.Орозбеков, Ж.Абдрахманов, Т.Айтматов, Т.Кудайбергенов сыяктуу белгилүү инсандар менен бирге Нуркул Кулназаров дагы кирген (11). 1927-жылдын 12-ноябрында Кыргыз АССРинин БАКнын сессиясы өткөрүлүп, анда республиканын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө декрет кабыл алынат. Төрөкул Айтматов тажрыйбалуу уюштуруучу жана кыргыз дыйкандарынын турмушун туюнган билген адам катары, ВКП (б) канткомунун катчылык кызматын аркалап жатып, жер-суу реформа комиссиясын да жетектеп, маанилүү иштин башында турат. Кыргызстандын түштүгүндө 1927-1928-жылдары жүргүзүлгөн жер-суу реформасы Совет бийлигинин эмгекчи дыйкандарды калктын оокаттуу бай катмарларына социалдык-экономикалык көз карандылыктан куткаруу боюнча жүргүзгөн чоң социал-

дык-экономикалык иш чаралардан эле. Андыктан мындай оңой эмес ишке ошол кездеги белгилүү мамлекеттик ишмерлердин ичинен уюштуруучулук жөндөмү барларды гана тандап албастан, кыргыз элинин жашоо турмушун туюп билген тажрыйбалуу тубаса шык жөндөмгө ээ адистер тандалып алынган. Алардын арасында Нуркул Кулназаровдун болушу анын көп кырлуу инсан экендигин айгинелеп турат.

1928-жылдын 27-апрелинде А.Орозбеков төрагалык кылган Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1-чи чакырылышынын 3-чү сессиясында Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасынын жүрүшү тууралуу маселе каралган. Бул боюнча Жайнак Садаев менен Нуркул Кулназаровдор кыргызча доклад менен чыгышкан. Ал эми докладды орусчага Таш Кудайбергенов которуп берген. Мындай ыңгайлуу шарттан пайдаланып Нуркул Кулназаров Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасынын жүрүшү тууралуу өз оюн ачык айтканга үлгүргөн (12).

1925-жылдын март айында Кара-кыргыз автономиялуу областынын Кеңештеринин I-уюштуруу курултайында Түштүк

Кыргызстанда жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Бирок бул чечимди турмушка ашырууга басмачылык кыймыл, кыргыз жана өзбек дыйкандарынын ичиндеги улуттук мамилелердин татаалдыгы, кедейлердин ошондой эле орто дыйкандардын кээ бир бөлүктөрүнүн аң-сезиминин өспөгөндүгү, бай-манаптардын уруучулук идеологиясынын таасири жана советтик уюмдардын начардыгынан улам Түштүк Кыргызстанда жер-суу маселеси 1927-жылга чейин чечилбей келген.

Андыктан өз докладында Нуркул Кулназаров ушундай жагдайларга токтолуу менен Жалалабад кантонунда 1927-жылга чейин жалпы дыйкан чарбасынын 24 % ин түзгөн ыңгайлуу жерлердин 79,6 % и байлардын жана кулактардын колунда кала бергенин, айыл калкынын 76 % ин түзгөн кедей чарбаларына бүткүл сугат жерлердин 21 % и гана таандык болгонун, бай-манаптар, жер которгон кулактар жерсиз жана аз жердүү дыйкандарды, чайрыкейлерди катуу эзишкендигин айтып өткөн.

Арадан он күн өткөндөн соң Нуркул Кулназаровдун бул сөзүн 1928-жылдын 7-май күнү Жалалабат ВКП (б)нын кантко-

мунун II-пленумунда «Жер-суу реформасынын жыйынтыктары жана канткомдогу кош айдоо өнөктүгү» жөнүндө доклад жасаган Төрөкул Айтматов да ырастап өткөн. Анда ал:

-Түштүк кантондордо жер-суу реформасы таптык мааниге ээ, ал жер чатактарын чечүүнү, кедей-ембагалдарды эзүүдөн куткарууну, айыл-кыштактын товардык мамилелерин жөнгө салууну, чарбаны маданияттуу жүргүзө билүү ишин жакшыртууну, жерди ким тердеп иштетсе ошого берүүнү өз алдына максат кылып коет»,- деп айткан. Чындыгында архивдик материалдардан айгине болгондой Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасы татаал жана коғаландуу учурда жүргүзүлгөн. Жогоруда архивдик материалдарга таянуу менен Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасынын ийгиликтүү жүргүзүлүшүнө Төрөкул Айтматов жана башкалар сыяктуу эле Нуркул Кулназаровдун да кошкон үзүрлүү салымы бар деп жыйынтык чыгарсак болот.

-Нуркул Кулназаровдун 1926-1928-жылдардагы эмгеги жемиштүүлүккө жана ак ниеттүү натыйжалуу иштер менен окуяларга, эл үчүн камкордукка жык толгон»,-деп жана башта баса белгилеп кет-

кендей, чындыгында ошол жылдар аралыгында жаңыдан түптөлүп келе жаткан мамлекеттин жаркын келечеги үчүн жан аябай эмгектенгендиги төмөндөгү документтерден көрүнүп турат. Ал 1925-1926-жылдары облусттук Кошчу союзунун төрагасынын орун басары, 1926-1927-жылдары төрагасы, ал эми 1927-1928-жылдары Кыргыз АССРинин Кошчу союзунун Борбордук Комитетинин төрагасы кызматтарында иштеп туруп өзгөчө мамлекеттик маанидеги олуттуу комиссиялардын курамында болуп, алардын ишин алга жылдырууга чоң өбөлгөлөрдү түзгөн.

1926-жылы 8-июндагы Кыргыз автономиялуу облусунун облАткомунун пленумунун 4-отурумунда облустук шайлоо комиссиясынын мүчөлүгүнө шайланат (13). Ал эми 1927-жылдын 15 -августунда Октябрь революциясынын 10 жылдыгын өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, 1927-жылдын 8-декабрында Кыргыз АССРинин Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү, 1927-жылдын 12-декабрында Жаңы кыргыз алфавитин киргизүү боюнча Борбордук Комитетинин мүчөсү, 1927-жылдын 30 июнунда 1927-1928-жылдардагы Кыргыз АССРинин мамле-

кеттик Салык комиссиясынын мүчөлүгүнө шайланган. Анын мындай ишмердүүлүгү 1928-жылдары дагы уланат. Башкача айтканда ошол жылдын 9-январында Кызыл Армиянын 10 жылдыгын майрамдоо боюнча комиссиянын курамында жана 2- февралында автономиялуу республиканын 4-чү дыйкандардын заемдорун пайдалануу боюнча комиссиянын курамында болгон (14).

Мына ушундай мамлекеттик маанидеги жогорку иш-чараларга катышып жүрүп, отуз жаш курагында Ташкенттеги Орто Азия Коммунисттер Университетинен (САКУ) 1928-1929-жылдары окуп, билимин жогорулатып келет. Ташкенттен окуп келген соң 1929-1931-жылдары Кыргыз АССРинин өз ара жардамдашуу Борбордук Комитетинин төрагасы кызматында иштейт. Бул жооптуу кызматты аркалап туруп дагы өз кесипкөй жөндөмүнүн аркасында бир эле мезгилде бир нече өкмөттүк комиссиялардын курамында болот. 1929-жылдын 19-декабрында Жарды-Жалчылар уюмунун Талас канткомунун уполномоченныйы (15), ал эми 1931-жылдын 25-февралында Автономиялуу республиканын салык комиссиясынын мүчөсү болуп дайындалат (16).

Кулназаровдун андан аркы ишмердүүлүгү борбордон сырт Нарын, Ысык-Көл аймактарында улантылат. 1931-1932-жылдары Ат-Башы райондук колхоздор союзунун төрагасы, андан соң Ат-Башы райАткомунун төрагасынын орун басары, 1934-жылы Балыкчы райАткомунун төрагасы, 1935-жылдан Фрунзе коммуналдык чарба мекемесинде гидротехник болуп 1937-жылга чейин иштеген. Ошол 1937-жылдын аптаптуу август айынын жыйырма тогузунда Нуркул Кулназаров күнөөсүз жерден күнөөлөнүп, каралант. Иштесе ишке тойбой турган отуз тогуз жаш курагында анын ишмердүүлүгү темир тор менен алмаштырылат.

## 4. Каардуу репрессия курмандыгы.

Өтөлгөлүү өмүрү, өрнөктүү эмгек жолу менен өз элинин таалайына танапташ турмуш кечирген Нуркул Кулназаровдун жашоо тагдыры, ишмердүүлүк дабан жолу да, карама-каршылыктуу окуяларга дуушар болуп, жөргөмүштүн желесиндей чиеленип өтө татаалдашып келди. Арийне, анткени ал жашаган мезгил кыргыз интеллигенциясынын өсүү катмарын каардуу капшапка алган тайгак кечүү тар за-

мандардан эле. Эмгеги элдин эсинде турса да-эл жерине кас каралаган адамдардын бири болуп караланышы ошол мезгилдин кандуу саясаты деп түшүнсөк болот.

Ошол 1937-38-жылдарда республикабыздагы прогрессивдүү күчтөргө катуу сокку урулуп, анын натыйжасында тоталитаризмдин өлүм кысымына кабылгандар XX кылымдын башындагы өз элин жаңы кылымдын жолу боюнча татыктуу алып барууга жөндөмдүү болгон кыргыз элинин потенциалдуу күчүн түзгөндөр туш келген.

1937-жылы массалык репрессиялоо эң жогорку чекке жеткен. Бул каардуу капшабка кабылып «Эл душманы» катарында камалган Кыргызстандын саясий лидерлерине ойдо жок кылмыштар таңуулана баштаган. Ушундан улам НКВДнын кызматкерлеринин фантазиясынан жаралган мурдагы контрреволюциячыл Социал-Туран партиясын кайрадан жандандыруу зарылчылыгы пайда болот. Анын жаңы жетекчилери катары Ж.Абдрахманов, К.Тыныстанов, Б.Исакеевдер камалат. Белгилүү тарыхчы, Кыргызстандын 30-жылдардагы улуттук лидерлерин изилдеп келген окумуштуу Зайнидин Кур-

мановдун айтуусунда документтердин жоктугу, жетишсиздиги айрым болгон материалдардын өтө жашыруун сакталышынан улам Социал-Туран партиясы (СТП) жөнүндө тарыхий чындыкты жазуу мүмкүн болбой келген. Андыктан бул эмне деген жашыруун партия болгон. Эмне үчүн бул уюм боюнча Орто Азиянын жана Казакстандын эң мыкты уулдары атылганың-деген суроолор туулбай койбойт.

Демек бул жерде «Социал-Туран партиясы» (СТП) деп аталган уюм жөнүндө бир аз сөз кылуунун кереги бардай сезилет. Академик Владимир Плоскихтин жазганына караганда чындыгында көптөгөн элдер анын болгонун аныктай турган чыныгы далилдерди көрбөгөндүктөн бул уюмду НКВДнын жок жерден ойлоп тапкандары деп эсептешкен. Көптөн бери жабылып жаткан, кийин гана жаңы табылган документтер мына буларды күбөлөйт: 30-жылдардын башында кыргыз ишмерлеринин бир тобу мурунку падышалык-колониялык чет жакаларда, ошондой эле Кыргызстанда социалисттик кайра куруу боюнча партиянын багытынын туура же туура эместиги жөнүндө ойлоно башташат. Бир пикирдештер-

А.Сыдыков, И.Арабаев, А.Шабданов, Т.Сопиев жана башкалар үзүл-кесил уюшушат. Алар республиканын өсүшү тууралуу өзүлөрүнүн программасын айтышат, атүгүл бул жөнүндө «Манифестүндөө» жазышат.

Бирок эки документ тең 1933-жылы, аларды камоонун астында, табышмактуу түрдө жоголот. Аларды камоо анык болуп калган, анткени 1931-жылдан баштап ошол пикирдештердин арасында бир чыккынчы бар эле, демек ал топтун уюша баштаашы ОГПУ-НКВДнын көз астында турган. Ошентип, идея бышып жетилгенде жана уюм «партия» катары уюшула баштаганда аларды камоо мүмкүн болуп калган эле.

1933-34-жылдары «Социал-Туран партиясы» аттуу иш боюнча өткөндөрдүн баары 1934-жылы соттолгон. Ажиман Шабданов атууга кеткен. Калгандары, алардын ичинде А.Сыдыков, Т.Сопиев 10 жылга эркинен ажыратылган. Бирок 1938-жылы алардын иши кайра каралып, баарын атууга кесишкен.

Репрессиянын жеткен чеги 1937-1938-жылдары өтө күчөгөн. Социал-Туран партиясы жөнүндөгү сандырактарды «улутчулдукка» жамаштырып

күнөөлөгөндөрдүн баарын «улутчул» катары эсептешкен. Репрессия күчөп, Кыргызстандын бардык советтик, партиялык жетекчилери СТПнын делосу боюнча камакка алынган кезде 1937-жылдын 29-августунда Кыргыз ССР НКВДсынын желдеттери тарабынан Нуркул Кулназаров да Фрунзенин түрмөсүнө камалат. Ага ошол эле жерден РСФСРдин кылмыш кодексинин 58 статьясынын 2,7,8,11 пункттары боюнча айып коюлат (17).

Социал-Туран партиясынын иши боюнча камалган адамдардын баарына мурдагы кызматына , өтөгөн эмгегине карап мамиле кылуу маселеси жоголгон. Камалган киши күнөөсүн мойнуна дароо албаса, аны мойнуна алдыруунун ыкмаларын органдын кызматкерлери жакшы өздөштүрүп алышкан. Бирок Нуркул Кулназаров өзүн кылмышкер сезген эмес, күнөөлүмүн деп дагы эсептебеген. Кыйноо башталат. Аны эсин жоготкуча сабаган зөөкүр тергөөчүлөр өзүн каралаган документке кол койдурууга аракет жасашкан. НКВДнын желдеттери жок жерден чыгарылган күнөөнү мойнуна алдырыш үчүн Ж.Абдрахманов, К.Тыныстанов, Т.Айтматов жана башкаларга кандай ур-токмок, сокку, адам чыдагыс кыйноолорду

көрсөтсө Нуркул Кулназаровго дагы мындай чектен чыккан ыкмаларды колдонушкан. Муну 1938-жылы 25-январда тергөөчүлөрдүн начальниктерине жазган Е.Поливановдун каты далилдейт. -«Мага 58-статьянын 1а пункту боюнча Японияга шпиондук кылган деген күнөө коюлууда. Сурактын жүрүшүндөгү уруп-соккон, мыкаачы ыкмаңарды токтотууңарды өтүнөм, болбосо мен калп айта баштайм. Буга кошумчалаарым, мен акылымдан ажыраганы калдым». Мындай кыйноодогу сурактан Кыргызстанда эркиндикке айрым гана адамдар чыгышкан. Анткени 58-статья боюнча сотттолгондорго амнистия болгон эмес.

Ошентип, Нуркул Кулназаров адам чыдагыс суракта 14 ай бою тергелип келди. Бирок эрки күчтүү айланган тоонун бүркүтү оңой эле ооматтуу тергөөгө моюн суна койгон жок. Айла амалдары түгөнгөн органдын кызматкерлери Кулназаровдун күнөөсүн далилдөө максатында айрым кишилерди коркутуу менен бир катар жалган көрсөтмөлөрдү алып каралашкан. Акыры адам чыдагыс кыйноодон кийин, моралдык жактан майтарылып, көп азапты көргөн Нуркул Кулназаров өзүнө коюлган күнөөнү толук мойнуна алууга ар-

гасыз болгон. Ага Кыргызстанда Совет бийлигин кулатып буржуазиялык улуттук мамлекет курууну көздөп келген, азыр бети ачылып талкаланган контрреволюциячыл улуттук «Социал-Туран партиясынын» көрүнүктүү ишмери деген сандырак күнөөнү мойнуна коюшкан.

1938-жылдын 5-ноябрында СССРдин жогорку сотунун аскер коллегиясынын көчмө сессиясынын жабык сот отуруму болгон. Анда төрагалыкты бригадалык аскер юристи Алексеев, мүчөлөрү-бригадалык аскер юристи Зайцев жана I даражадагы аскер юристи Болдырев, катчысы I-даражадагы аскер юристи Батнер болушкан. Соттун бул курамы башка репрессияга дуушар болгондорго жана 1938-жылдын 5-8-ноябрында өлүм жазасына кеткендерге өкүм чыгарышкан.

... Заседаниени 23 саат 05 мүнөттө ачышат. Залда болгону соттор жана айыпталган адамдар болгон, ал эми күбө болуучуларды сотко чакырышкан эмес. Соттор-го адам тагдырын чечүү үчүн болгону 15-20 минут гана жетиштүү болгон. Ошол күнү Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов, Ходжикан Шоруков, Осмонкул Алиев жана башкалар менен бирге Нуркул Кулназаровго

дагы акыркы сот өкүмү чыккан.

Сот: «Кулназаров Нуркул эң жогорку жазага тартылып, атууга кетсин жана ага таандык жеке буюмдары, үй-мүлкү конфискациялансын» деген өкүм чыгарат. Өкүм СССРдин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1-декабрь 1934-жылкы токтомунун негизинде токтоосуз түрдө аткарылышы керек болгон. Андыктан өкүм ошол эле күнү аткарылган.

Бул күнкү мындай катаал тагдырга Баялы Исакеев дагы туш болгон. Аны күнөөлөөдө Нуркул Кулназаров менен мамиледе болуп аны колдоп келген деген айыптар коюлган. Эмесе ошол документтен үзүндү келтирели.

1937-жылдын 10-сентябрында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети Б.Исакеевдин персоналдык ишин караган. Анда төмөндөгүдөй деп жазылат. Исакеев азыр бети ачылган контрреволюционерлер Шоруковду, Темирбековду, Тыныстановду, Алиевди, Кулназаровду колдоп келген. Исакеев пантүркисттик Рыскуловдун уюму менен байланышта болгон...

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети токтом кылат: «Исакеев эки жүздүү улутчул катары БКнын курамы-

нан жана партиядан чыгарылсын». Ал ошол эле жерден камакка алынган. Тергөө мезгилинде ага СТПнын активдүү катышуучусу деген айып кошумча коюлган. Ошол эле күнү кандуу 38-жылдын 5-ноябрында өз тагдырлаштары менен кошо атылган.

Бардыгыбызга маалым болгондой репрессиянын курмандыктарынын көпчүлүгү 30-40-жаштагы күлгүндөй куракта болушкан. Эл комиссарлар Кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахманов 37 жашта, Т.Айтматов 35 жашта, Б.Исакеев 41 жашта ал эми Нуркул Кулназаров дагы ошолордой эле 40тын кырында болгон.

«Ак ийилет, бирок сынбайт» дегендей булардын бардыгы 1957-жылдары акталган. Ал эми Нуркул Кулназаровго 1958-жылдын 27-мартында СССРдин Жогорку Сотунун аскер коллегиясы аныктама чыгарган. Анда «Нуркул Кулназаровго тиешелүү СССРдин Жогорку Сотунун аскер коллегиясынын 1938-жылдын 5-ноябрындагы өкүмү жокко чыгарылсын жана кылмыш курамынын жоктугу үчүн ал жөнүндөгү иш токтотулсун» деп айтылган. Ошентип бейкүнөө адам акталды, а бирок андан кийинкиси кандай болду.

1991-жылдын жайында Чоң-Ташта-

Бишкектин түштүк тарабында 18 чакырым жерде 137 атылган адамдын сөөгү кайрадан Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган. Ал эми 30-августта саясий террордун курмандыктарынын сөөктөрүнүн кайра коюууга багышталган аза күтүү митингиси болгон. Ата-Бейитке коюлган Нуркул Кулназаровдун номуру 58.

Өтө көп кыйынчылыктар менен акталып элге кайрылып берилген көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Нуркул Кулназаровдун тагдыры ушундай болгон. Андыктан эл уулунун элесин эскерип анын биографияларындагы ачыла элек барактарды изилдөө жана чындыктын акырына даректүү маалыматтар менен жетүү биз сыяктуу жаш илимпоздордун алдындагы кечиктирилгис милдеттерден.

## Колдонулган архивдик материалдар


1. КР. СД. БМА Ф.10 оп.15 сб.1500 б10
2. КР. БМА Ф.20 оп.1 д.18 б.11-17
3. КР.БМА.Ф.20 оп.1 сб.31 б.3-16
4. КР.БМА.Ф.20 оп.1 сб.31 б.6.5
5. КР.БМА.Ф.721 оп.1 сб.42 б.174-176).
6. Ф.721 оп.2 сб.9 б.99
7. КР.БМА. Ф.721 оп.3 сб.8 б.74
8. КР БМА Ф.21 оп 2.д 9 б 3
9. КР БМА Ф.21 оп 2.д 9 б 3
10. КР БМА Ф.21 оп 2.д 9 б 11
11. КР.БМА Ф.21 оп.2 сб.118 б.116
12. КР.БМА Ф.21 оп.2 д.131 б.141-145
13. КР. БМАсы Ф.20 оп.1 д.201.б.12- 14
14. КР.БМА.Ф.21 оп.2 д.189, б.1-11 об.
15. КР.БМА Ф.1781 оп.1 сб.3 б.3
16. КР.БМА Ф.1781 оп.1 д сб.9 б.68
17. Улуттук Коопсуздук Кызматынын архиви №7985дело

## Колдонулган адабияттар


1. Ж.Абдрахманов 1916. Күндөлүк. Сталинге каттар. Ф.,1991.
2. Абдыкерим Сыдыков-улуттук лидер /З.Курманов, В.Плоских, С.Бегалиев-Б.,1992/.
3. Ж.Малабаев. Кыргыз мамлекетинин тарыхы. Б., 1999.
4. Төрөкул Айтматов.-Б., 1993.
5. Хелимская Р. Тайны Чон-Таша.-Б., 1994.
6. Кыргызстан тарыхы. /Ө.Ж.Осмонов. А.А.Асанканов/-Б., 2001.
7. Баялы Исакеев /А.Кулматов/-Б.. 2003.
8. Ишенаалы Арабаев.-Б., 1993.
9. Жуманалиев А. Политическое развитие Кыргызстана (20-30-е годы).-Б.,1994.



**Жумагул Рыскулбек уулу Байдилдеев**

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин кызматкери.

Мамлекеттик радионун "Тарых табериги" уктуруусунун баяндамачысы. И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин окутуучусу.

"Тайлак баатыр баяны", "Рухту улаган-улуу сөз" китептеринин автору.

Кыргызстан Улуттук Жазуучулар Союзунун жана эл аралык Айтматов клубунун мүчөсү.